**УДК: 657.1.011.56:347.195.2**

# БУХГАЛТЕРДИК ЭСЕПТИ ЖҮРГҮЗҮҮДӨ ЧЕТ ЭЛДИК ТАЖРЫЙБАЛАРДЫН КОЛДОНУЛУШУ

***Бексултанов Азизбек Абдилкариевич,*** *э.и.д., профессор, КМТУ И.Раззаков атындагы, Кыргызстан, 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов 66. Тел.: 0312-54-51-41, azis@mail.ru*
***Абдыкадырова Б.У.,*** *«ЭКМ» кафедрысынын аспиранты, КМТУ И.Раззакова атындагы, Кыргызстан, 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматова 66. Тел.: 0312-56-14-20, abdykadyrova69@mail.ru*
***Тойбаева Н.Р.,*** *«ЭКМ» кафедрысынын аспиранты жана улук окутуучусу, КМТУ И.Раззакова атындагы, Кыргызстан, 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматова 66. Тел.: 0312-56-14-20, nurzada_1989@mail.ru*

Макалада башка өлкөлөрдөгү бухгалтердик эсептин жүргүзүлүшү жана отчеттуулуктун тапшырылыштары жөнүндө айтылмакчы. Өзгөчө Германияда, Америка Кошмо Штаттарында жана Россиядагы бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук жөнүндө жазылган. Мекеменин жумушунун таасирдүүлүгү; отчеттук жылдагы чыгаша жана киреше сметасынын түзүлүшү жана аткарылышы жөнүндө айтылган.

Германияда бирдиктүү эсеп планы түзүлүп , аны менен бирге ар кыл тармак үчүн эсеп планы ойлонуп чыккан - өнөр жай, соода, финансы тармактары боюнча. Италияда бухгалтердик эсептин мекени аталган, эмне дегенде XV кылымда монах-математик Лука Паголи бухгалтердик эсептин кош жазуу китебин Венецияда 1494-жылы жарыка чыгарган.

Америкада болсо система көптөгөн убакыт бою базар экономикасында атаандаштыктын негизинде өнүгүп келет. Ошондуктан каржы учету боюнча түшүнүк фирмалардын ичиндеги, бул кичи ишканалардын чоң акционердик коомго айланышы менен учеттун өнүгүшү болгон.

**Белгиленген сөздөр:** талдоо, милдет, камсыз, аткаруу, отчет, чечим, милдет, аткарылыш, негиз, маалымат,каражат, кабылдоо, байланыш, бириктирүү, кызматкер, каттам, кайталоо, чарбалык, баланс, эсеп, бөлүм, статистика, каржы.

# ПРИМЕНЕНИЕ ЗАРУБЕЖНОЙ ПРАКТИКИ ДЛЯ ВЕДЕНИЯ БУХГАЛТЕРСКОГО УЧЕТА

***Бексултанов Азизбек Абдилкариевич,*** *д.э.н., профессор, КГТУ им. И.Раззаков, Кыргызстан, 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов 66. Тел.: 0312-54-51-41, azis@mail.ru*
***Абдыкадырова Б.У.,*** *аспирант кафедры «ЭБМ» , КГТУ им. И.Раззаков,, Кыргызстан, 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматова 66. Тел.: 0312-56-14-20, abdykadyrova69@mail.ru*
***Тойбаева Н.Р.,*** *ст.преподаватель и аспирант кафедры «ЭБМ», КГТУ им. И.Раззаков,, Кыргызстан, 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматова 66. Тел.: 0312-56-14-20, nurzada_1989@mail.ru*

В статье говорится о ведении бухгалтерского учета и представлении отчетности в других странах. В частности, в Германии, США и России О бухгалтерском учете и отчетности. О влиянии работы учреждения; составлении и исполнении сметы расходов и доходов за отчетный год.

В Германии был составлен единый план счетов, вместе с тем продуман план счетов для различных отраслей - промышленности, торговли, финансов. Италия названа родиной бухгалтерского учета, хотя в XV веке монах-математик Лука Паголи выпустил в свет книгу двойного учета в Венеции в 1494 году.

В Америке система на протяжении многих лет развивается на основе конкуренции в рыночной экономике. Поэтому понятие финансового учета было связано с тем, что малые предприятия стали большими акционерными обществами внутри фирм и развивались в учете.

**Ключевые слова:** анализ, задача, обеспечение, исполнение, отчет, решение, задача, исполнение, основание, информация, средства, принятие, связь, объединение, сотрудник, маршрут, дублирование, хозяйственный, баланс, учет, отдел, статистика, финансы.

## THE APPLICATION OF INTERNATIONAL PRACTICES FOR ACCOUNTING

***Beksultanov Azizbek Abdulkhaevich,*** *doctor of Economics, Professor, KGTU named. I. Razzakov, Kyrgyzstan, 720044, Bishkek sh., Ch. Aitmatov 66. Phone: 0312-54-51-41, azis@mail.ru*
***Abdykadyrova B.U.,*** *postgraduate department of "EBM" , KGTU named I. Razzakov,, Kyrgyzstan, 720044, Bishkek sh., Ch. Aitmatova 66. Phone: 0312-56-14-20, abdykadyrova69@mail.ru*
***Toibaeva N.R.,*** *senior lecturer and postgraduate department of "EBM", KGTU im. I. Razzakov,, Kyrgyzstan, 720044, Bishkek sh., Ch. Aitmatova 66.*
*Phone: 0312-56-14-20, nurzada_1989@mail.ru*

The article deals with accounting and reporting in other countries. In particular, in Germany, the United States and Russia on accounting and reporting. On the impact of the institution's work; preparation and execution of estimates of expenses and income for the reporting year.

In Germany, a single chart of accounts was drawn up, and at the same time a plan of accounts was thought out for various industries - industry, trade, and Finance. Italy is called the birthplace of accounting, although in the XV century the monk-mathematician Luca Pagoli published a book of double accounting in Venice in 1494.

In America, the system has been developed over the years on the basis of competition in a market economy. Therefore, the concept of financial accounting was associated with the fact that small businesses became large joint-stock companies within firms and developed in accounting.

**Keywords:** analysis, task, provision, execution, report, solution, task, execution, basis, information, means, acceptance, communication, Association, employee, route, duplication, economic, balance, accounting, Department, statistics, Finance.

XXI кылым жаңы технологиялардын кылымына айланып, болуп көрбөгөндөй адамдардын аң сезимине тасир тийгизип, маалыматты жеткиликтүү тез алуу жолун ачты. Азыркы күндө дүнүйөнүн баардык мамлекеттери интернет жебеси менен камсыз болгон учурда канчалаган керектүү, мазмундуу, көлөмдүү маалыматтарды алганга болот.

Азыркы күндө реформалардын натыйжалуулугу жергиликтүү бийликтин дараметине жана калкка сапттуу кызмат көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө тикелей байланыштуу болот, мунун өзү жергиликтүү деңгээлде каржылык ресурстарды натыйжалуу башкаруу менен өз ара байланышта. [2]

Германияда эзелтеден бери эсепти жүргүзүүнү салтка айлантып өнүктүрүп келишкен. Революцияга чейин Россия Германиянын эсеп жүргүзүү ыкмасы менен иштеп келген.

Эсеп-кысап жүргүзүүнүн укуктук базасы болуп “Соода Кодексинин” негизинде ишке ашырылат. Бул болсо баланс, пайда менен зыян тартууну жана отчет түзүү эрежелери камтылган.

Германияда бирдиктүү эсеп планы түзүлүп , муну менен бирге ар кыл тармак үчүн эсеп планы ойлонуп чыккан(өнөр жай , соода, финасы тармактары боюнча).

Салык мыйзамдары Германияда эсеп-кысап иштерине чоң таасир тийгизет. Германияда бирдиктүү бухгалтердик принцыптын жоктугунан бардык пикир келишпестиктер сот аркылуу чечилип турат. Бухгалтерлердин Институту 1931-жылы түзүлүп, бухгалтердик мыйзамдардын, же нормативдерин өзгөртүү боюнча долбоорлорун иштеп чыгууда кеңештерин берип турат.

Германияда бухгалтердик эсепке караганда отчеттуулука көбүрөөк басым жасалат. [1]

Францияда “Коммерциялык Кодекстин” негизинде бухгалтердик эсеп жана отчет түзүү боюнча бардык укуктук ченемдер мыйзамдуу бекитилген. Системада негизинен Улуттук бухгалтердик кодекс эсептелинет. Бул жерде 400 барак бирдиктүү эсеп планын түзөт. Бул Кодекс Францияда улуттук статистика жана салык системаларынын тапшырмалары менен байланышкан.

Иш-кагаздардын түзүмун иштеп чыгуу 1947-жылы Улуттук бухгалтерлердин кеңешине(өкмөттүк агенство статусу бар) Финансы Министирлиги тапшырган. [3]


Италия бухгалтердик эсептин мекени аталган, эмне дегенде XV кылымда монах-математик Лука Паголи бухгалтердик эсептин кош жазуу принцпын өзүнүн “Трактат о счетах и записях”деген китебин Венецияда 1494-жылы жарыка чыгарган.

Италияда “Жарандык Кодекстин” негизинде бухгалтердик эсеп ишке ашырылат. Мындан тышкары Президенттин Указы, Мин. Финдин Приказы жана мекемелердин кеңештери кабыл алынат.

Италияда Улуттук коммерциялык жана бухгалтердик эсеп боюнча адистердин кеңеши - эсеп стандарттарын чыгарат. Бул кеңеш бардык чоң жана кичине мекемелерге чоң таасири бар.

АКШнын бухгалтердик эсеп системасы GAAP(General Accepted Accounting Prace) же болбосо эсеп принциптери, көпчүлүк учурда эсеп стандарттарынын ишин аткарат. Башында бул системага GAAP АКШда учет саясаты жана бухгалтердик эсептин техникалык абалы боюнча суроолорду камтыган документтер кирген.

GAAP системасында иш кагаздары 4 денгээлге бөлүнгөн:




1 Сүрөт. GAAP системасындагы иш кагаздардын денгээли

Тармактык эсеп жалпы таанылган практика

GAAPтын түзүмү А денгээлинен турат, дал келишпөөлөр жана пикир келиштестиктер пайда болгондо бул денгээлге артыкчылык берилет.

Стандарттарды иштеп чыгууда АКШда бүгүнкү күндө бир канча кесипкөй ишканалар тартылган.

Алар:

Каржы учетунун стандарттар комитети (Financial Accounting Standards Board - FASB);

Баалу кагаздар жана биржа боюнча комиссия(Securities and Exchange Commission - SEC);

Америка институнун дипломдуу коомдук бухгалтерлери(American Institute of Certified Public Accountants - AICPA);

Американлык бухгалтерлер ассоцасиясы(American Accounting Association - AAA);

Бюджет мекемелеринин стандарт эсеби боюнча комитети (Governmental Accounting Standard Board - GASB). [1]

Америкалык система көптөгөн убакыт бою базар экономикасында атаандаштыктын негизинде өнүгүп келген. Ошондуктан каржы учету боюнча түшүнүк фирмалардын ичиндеги, бул кичи ишканалардын чоң акционердик коомго айланышы менен учеттун өнүгүшү болгон. Булардын өнүгүшүндө бирдиктүү учет концепциясы болгон эмес. Бул жерде өнүгүү

акырындан алдыга жылган жана бардык суроо-талаптар процесстин жүрүшүндө иштелип чыгып турган. Булардын негизинде амортизация түшүнүгү пайда болуп бухгалтерлер менен ишкерлердин колдонуусуна өтө баштаган.

Американын учет теориясынын өнүгүшү 3 бөлүктөн турат:

*Орточо жакшы мезгил – 30 жылдарга чейин болгон;

*Көйгөйлөрдү чечүү мезгили;

*Бухгалтердик эсеп стандарттары боюнча кеңеш FASB (Accovnting Standarts Baard) 1973-жылы пайда болуп, жана каржы учетун концептуалдык основасы өнүгө баштаган.


АКШда кырдаал өтө жөнөкөйлүгү менен айырмаланат. Буга каршы учету менен отчеттулукту көзөмөлдөө бир канча мыйзамдар каралган, айрыкча баалу кагаздар жана фондулук биржа боюнча мыйзам. Бул жерде дагы мыйзамдардан тышкары мыйзам алдындагы актылар АКШдагы каржы учетун жөнгө салат.

АКШда кош жазуу принцыпы техникалык ыкма катары колдонулат. Корреспонденция счетторуна азырак көңүл бурулат жана экономикалык мааниси көп маанилүү эмес. Корриспонденция түшүнүгунон баш тартуу, аналитикалык мүнкүнчүлүгүн бириктирип, татаал өткөрүлөрдү түзгөнгө болот. Бир нече санактар менен кредитөө жана дебетөөгө бир мезгилде жол ачат.

Отчеттуулук, санак жүргүзүүнүн мыйзам ченемдүү жыйынтыгы. АКШда каржылык отчеттуулук каржылык санак менен тыгыз ажырагыс байланган. Бирок отчеттуулук боюнча иш алып баруусу мекемелердин белгиленген мөөнөттөргө көз каранды. Айрыкча акциялары фондулук биржада котировкаланган акционердик компаниялар. Калган фирмалар эсеп-кысап иштерин жүргүзүү, отчет берүү жана кандай ыкмада берүү фирмалардын өз эрки менен жүргүзүлөт. Бирок отчет берүүдө аудитордук чечим алганга милдетүү. [1]

Американык ыкма чынында эле фирмаларды көзөмөлдөө жокко эсе, учет регистрлерин жүргүзүү тажыйырбасы чектөөсүз.


Барынан кеңири тарган бул журнальная система ыкмасы. Бул системада баштапкы иш кагаздарын катоо журналдарда катталып андан кийин Башкы китепке түшүрүлөт, же болбосо өзүнчө китептерге түшүрүлөт. Көбүн эсе жалпы журнал жана бир канча журнал көп жүргүзүлүүчү операциялар боюнча түзүлөт. Бул система мемориалдык-ордердик системага караганда ийкемдүү жана жөнөкөй ыкма болуп саналат. [1;3]




2 сүрөт. Россиядагы бухгалтердик эсептин жүргүзүүдөгү ыкмалар

Россияда бухгалтердик отчетту түзүү мекемелер үчүн милдетүү түрдө жүргүзүлөт. Отчеттордун формасын мамлекет түзүп берет. Мамлекет мекемелерден отчет маалыматтарын өзү кабыл алат. [1;2;3;4]

Бухгалтердик отчет бир канча бөлүктөн турат:




2 сүрөт. Россиядагы бухгалтердик отчеттуулуктун бөлүктөрү

Отчет берүүнун тартиби боюнча Россияда мекемелер төмөндөгүлөргө беришет:

Мекеменин уюштуруучусуна, юридикалык тараптын катышуучулары (акционерлерге);

Мамлекеттик салык инспекциясына(бир экземпляр берилет)

Мекеменин катоосу боюнча аймактык мамлекеттик статистика бөлүмүнө берилет.

Бул өнүккөн мамлекеттерде бухгалтердик учет жана отчеттуулук денгээли абдан жогорку баскычта турушат. Жаңы ыкмаларды иштеп чыгуу менен көптөгөн жетишкендиктерге жетишкен. Замандын талабына ылайык жаңы технологиялык жетишендиктерди дагы бул тармакка колдонуу азыркы шартта заман талабы болуп келүүдө. [1]

Өздөрүнүн калыптанган бухгалтердик эсеп жүгүртүүлөрүн жеңилдетүү, жөнөкөйлөтүү, жана ачык айкындуулук максатында заман талабы болгон автоматташтыруу менен азыркы күндө иш алып барышууда. Бул боюнча иш тажыйырбалары бизге карганда көбүрөөк жана жетишкендиктери абдан чоң.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Шпитцнер Р. Базар экономикасындагы каржы жана бухгалиердик эсеп. - Мн.: ООО «Мисанта», 1995

2. А.А. Бексултанов. Бюджеттик мекемелердеги каржы эсеби. Социально-экономические науки и гумманитарные исследования, г. Новосибирск, 2016, ISBN 978-5-00068-728-4

3. А.А. Бексултанов. Бюджеттик мекемелердеги бухгалтердик эсептин иш кагаздарынын айлануусу / Вестник КНУ, спец выпуск, Бишкек, 2015. ISBN 9967-21533Х

4. А.А. Бексултанов. Кыргыз Республикасындагы саламаттык сактоодогу каржы эсебинин өзгөчөлүгү. Наука новые технологии и инновации Кыргызстана, № 6, Бишкек, 2016, ISSN 1694-7649